| № | Мамлекеттик контролдоочу органдын аталышы | Сайт |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы | www.customs.kg |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы | www.fsa.kg |
| 3 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Байланыш мамлекеттик агенттиги | www.nas.gov.kg |
| 4 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ветеринариялык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция | www.agroprod.kg |
| 5 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция | www.geti.kg |
| 6 | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы Метрологиялык көзөмөл боюнча мамлекеттик инспекция | www.mineconom.kg |
| 7 | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы Атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча департамент | www.mineconom.kg |
| 8 | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Оорулардын алдын алуу жана экспертизалоо департаменти | www.dgsen.kg |
| 9 | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техника департаменти | www.pharm.kg |
| 10 | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Баалуу металлдар департаменти | www.minfin.kg |
| 11 | Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигинин алдындагы Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик департамент | www.energo.gov.kg |
| 12 | Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду | www.sf.kg |

WORLD BANK GROUP
Trade & Competitiveness

Бир кызматташтыкта:

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

UKaid
from the British people

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА МИНИСТРЛИГИ



# Текшерүү барагы

- ТЕКШЕРҮҮ БАРАГЫ ДЕГЕН ЭМНЕ?
- ТЕКШЕРҮҮ БАРАКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ ЭМНЕДЕ?
- ТЕКШЕРҮҮ БАРАГЫНДА КАНДАЙ МААЛЫМАТТАР КАМТЫЛАТ?
- ТЕКШЕРҮҮ БАРАКТАРЫ КАНДАЙ БОЛОТ?

WORLD BANK GROUP
Trade & Competitiveness

Бир кызматташтыкта:

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

UKaid
from the British people

# ТЕКШЕРҮҮ БАРАГЫ

## ТЕКШЕРҮҮ БАРАГЫ ДЕГЕН ЭМНЕ?

**Текшерүү барагы –** бул текшерүү жүргүзүүдө контролдоочу органдар тарабынан пайдаланылуучу жана ишкер өз ишинин жүрүшүндө сактоого тийиш болгон талаптарды камтуучу документ.

## ТЕКШЕРҮҮ БАРАКТАРЫН ПАЙДАЛАНУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ ЭМНЕДЕ?

Текшерүү барагы ишкерге төмөнкүлөргө **мүмкүндүк берет:**

- шайкеш келүүгө тийиш болгон талаптарды так билүүгө жана ага кошумча талаптарды коюу мүмкүн эмес экендигине ишенүүгө;
- Кыргыз Республикасынын колдонулуудагы мыйзамдарынын талаптары жөнүндө маалымдар болууга;
- мыйзамдардын ченемдери жана талаптары менен шайкеш келиши үчүн текшерүүнүн эң маанилүү аспекттерине көңүл буруу менен өзүн өзү текшерүүнү жүргүзүүгө;
- эгерде ал алдын ала өзүн өзү текшерүүнү жүргүзсө текшерүү жүргүзүүгө убакытты үнөмдөөгө;
- инспектор тарабынан мыйзамдардын ченемдеринин талаптарын эркин чечмелөөнү болтурбоого;
- иштеги субъективдүү факторлорду минимумга келтирүү менен бардык инспекторлордун иштерин бир түргө келтирүүгө.

## ТЕКШЕРҮҮ БАРАГЫНДА КАНДАЙ МААЛЫМАТТАР КАМТЫЛАТ?

**Текшерүү барагы** суроолордун тизмеги бар форма түрүндө болот. Ушул суроолордун берилиши өтө эле жөнөкөй жана ар кандай чечмелөөнү болтурбайт, бул текшерүүлөрдү жүргүзүү процессинин ачык-айкындыгын камсыз кылат.

Ал негизги талаптарга көңүл бурууга жардам берет, аларды сактабоо адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна, айлана-чөйрөгө коркунуч келтирет. Ошентип, текшерүү барактары тобокелдиктерге көңүл топтоо менен, тигил же бул ишкананы баалоодо бардык мүмкүн болгон милдеттүү талаптарды анда санап чыгуудан качуу менен түзүлөт.

Эгерде кандайдыр бир талаптарды сактоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык милдеттүү болуп эсептелбесе, андай мындай талаптар **текшерүү барагында камтылбоого тийиш.**

## ТЕКШЕРҮҮ БАРАКТАРЫ КАНДАЙ БОЛОТ?

Ар бир текшерүүчү орган иштин текшерилүүчү чөйрөсүн эске алуу менен өзүнүн текшерүү барагын түзөт. Окшош мүнөздөмөлөргө жооп берүүчү компаниялар (иш чөйрөсүнө жараша) бир топту түзөт, алар үчүн өзүнчө текшерүү барагы иштелип чыгат. Ар бир чөйрөдө мындай топтор бир нече болушу мүмкүн.

Контролдоочу органдын **текшерүү барагынын формасы** Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин жана ушул контролдоочу органдын биргелешкен буйругу менен милдеттүү түрдө бекитилет.

**Эсиңизде болсун!**

Текшерүү барагын пайдаланбастан пландуу текшерүү жүргүзүүгө жол берилбейт.

Текшерүүнүн жүрүшүндө инспектор текшерүү барагында көрсөтүлгөн **талаптардын негизинде гана** ушул талаптардын алкагынан чыкпастан ишкердик субъектин текшерүүгө укуктуу.

Текшерүүнүн жүрүшүндө эреже бузуулар аныкталган учурда ипнспектор эреже бузуунун маңызын түшүндүрүүгө жана аны четтетүү шарты менен жазуу жүзүндө **эскертүү** берүүгө милдеттүү.

Бул учурда эреже бузууну четтетүүгө мөөнөт берилет: **3 күн** – эгерде эреже бузуу адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирсе, **30 күн** – калган бардык учурларда.

Текшерүү барактары *www. mineconom.kg, www.proverka.kg* сайттарында, ошондой эле контролдоочу органдардын сайттарында жайгаштырылган.

Текшерүү жүргүзүүгө байланышкан бардык суроолор боюнча Экономика министрлигинин ишеним телефону аркылуу кайрылсаңыздар болот: **0312 62 06 08**

